*DOI:10.26104/NNTIK.2022.94.48.071*

***Жаңыбаева М.А., Мокеева А.М., Жантаев А.С.***

## XXI КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТТААНУУСУНДАГЫ ФОЛЬКЛОРИСТИКА БОЮНЧА НЕГИЗГИ ИЗИЛДӨӨЛӨР

***Жаныбаева М.А., Мокеева А.М., Жантаев А.С.***

## ОСНОВНЫЕ ИССЛЕДОВАНИЯ ПО ФОЛЬКЛОРИСТИКЕ В КЫРГЫЗСКОМ ЛИТЕРАТУРОВЕДЕНИИ XXI ВЕКА

***M. Zhanybaeva, A. Mokeeva, A. Zhantaev***

## BASIC RESEARCH ON FOLKLORE STUDIES IN KYRGYZ LITERARY STUDIES OF THE XXI CENTURY

*УДК: 821:161:82.0 (575.2) (04)*

*Кыргыз адабияттаануу илиминин негизги салааларынын бири фольклористика болуп саналат. Бул илимий изилдөө салаасы боюнча кыргыз окумуштуулары аткарган эмгектер абдан эле арбын. Ошентсе да, аталган салаа боюнча изилдөөлөр XXI кылымда да жигердүү улантылып жатат. Мунун себебин фольклористикада иликтөөнүн объектисине айлантыла элек маселелердин көптүгү, аларга кошумча жаңы илимий проблемалар пайда болуп жаткандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Биз өз макалабызда адабияттаануу илиминин ушул салаасында XXI кылымда аткарылган негизги изилдөөлөргө, башкача айтканда докторлук диссертацияларга сереп жасоо максатын көздөдүк. Аталган тармак боюнча баш-аягы он докторлук диссертация корголгон. Ал изилдөөлөрдү К.Абакиров, Т.Бакчиев, Н.Бекмухамедова, Г.Жамгырчиева, К.Калчекеев, Н.Нарынбаева, Ж.Орозобекова, Г.Орозова, Б.Темирова, И.Шисыр аткарышкан. Буларда фольклористиканын абдан маанилүү проблемалары иликтөөгө алынган.*

***Негизги сөздөр:*** *адабияттаануу, докторлук диссертация, иликтөөнүн объектиси, илимий изилдөө, илимий проблема, кыргыз окумуштуулары, фольклористика.*

*Одним из основных направлений кыргызской литературоведческой науки является фольклористика. Поэтому научно-исследовательскому направлению кыргызские ученые выполнили очень много трудов. Тем не менее, исследования по названному отраслю также активно продолжаются и в XXI веке. Причина этого объясняется тем, что в фольклористике существует множество проблем, которые еще не стали объектом изучения, а также возникают новые научные проблемы. В нашей статье мы намеревались сделать обзор основным исследованиям, то есть докторским диссертациям, выполненные в этой отрасли науки о литературе. Всего по данной отрасли защищено 10 докторских диссертаций. Эти исследования проводили К.Абакиров, Т.Бакчиев, Н.Бекмухамедова, Г.Жамгырчиева, К.Калчекеев, Н.Нарынбаева, Ж.Орозобекова, Г.Орозова, Б.Темирова, И.Шисыр. В них изучаются очень важные проблемы фольклористики.*

***Ключевые слова:*** *литература, докторская диссертация, объект исследования, научное исследование, научная проблема, кыргызские ученые, фольклористика.*

*One of the main directions of the Kyrgyz literary science is folklore studies. Kyrgyz scientists have done a lot of work in this research area. Nevertheless, research on this industry is also actively continuing in the XXI century. The reason for this is explained by the fact that there are many problems in folklore studies that have not yet become the object of study, as well as new scientific problems arise. In our article, we intended to review the main research, that is, doctoral dissertations, carried out in this branch of the science literature. In total, ten doctoral dissertations have been defended in this field. These studies were conducted by K. Abakirov, T. Bakchiev, N. Bektmukhamedova, G. Zhamgyrchieva, K. Kalchekeev, N. Narynbaeva, Zh. Orozobekova, G. Orozova, B. Temirova, I. Shisyr. They study very important problems of folklore studies.*

***Key words:*** *literature, doctoral dissertation, object of research, scientific research, scientific problem, kyrgyz scientists, folklore studies.*

XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануу илиминин өнүгүүсүнө сереп жасасак, 2001-жылдан азыркы учурга чейин аткарылган кандидаттык жана докторлук диссертациялардын саны абдан мол. Жалаң докторлук диссертацияларды эле санай келсек отуздан ашууну корголгон. Адабияттаануу илиминин тармактары боюнча карасак, кыргызстандык изилдөөчүлөр негизинен фольклористика, акындар чыгармачылыгы, кыргыз адабияты, чет элдер адабияты жана журналистика жаатында илимий эмгектерди жаратышканын көрө алабыз. Ушунун өзү бизге XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануу илиминин өнүгүү тенденциялары ар түрдүү болгонун, өнүгүү багыттары жетишээрлик ар тараптуу экендигин күбөлөндүрөт. Анда кыргыз адабияттаануу илиминдеги фольклористика салаасынын негизги изилдөөлөрү турасында сөз кылалы.

Фольклористика тармагы боюнча XXI кылымдын алгачкы он жылдыктарында баш-аягы 10 докторлук диссертация аткарылып, ийгиликтүү корголгон.

Алардын алгачкысы Кыргызстанда жашаган дунган калкынын интеллигенциясынын көрүнүктүү өкүлү Исхар Сувазович Шисырдын «Прозаический фольклор хуэйцзу Центральной Азии» (2012-ж.) деген темадагы (10.01.09 - фольклористика) докторлук диссертациясы болуп саналат. Бул эмгек 2010-жылы Казакстан Республикасынын Алматы шаарында Д. 53. 34.01 Диссертациялык кеңешинин отурумунда корголгон.

Хуэйцзу – дунган калкынын өздүк наамы, аталышы. Алар өздөрүн ушундай деп аташат. Бул эл Борбор

Азия чөлкөмүнө XIX кылымдын экинчи жарымында (1877-1883-жж.) Цин империясына каршы улуттук-боштондук көтөрүлүштөн жеңилгенден кийин ооп келген. Азыркы тапта Кыргыз Республикасында, Казакстан Республикасында, Өзбекстан Республикасында дунган эли топтошуп жашаган бир катар аймактар бар. Борбор Азия өлкөлөрүндөгү алардын жалпы саны 100 000 кишиден ашуун.

Автордун белгилөөсү боюнча, «кийинки кездерге чейин Борбор Азиядагы хуэйцзулардын фольклору иш жүзүндө илимий изилдөөнүн объектиси болгон эмес, анткени фольклористтер негизинен материалдардын өздөрүн чогултуу, иштетүү жана жарыялоо менен чектелишкен» [10, 4-б.]. Антсе да дунган калкынын фольклору боюнча айрым диссертациялык изилдөөлөр бар экен. Алар төмөнкүлөр: М.А. Хасанов «Дунганские народные сказки», Д.М. Хахаза «Традиционные дунганские песни», Ф.Н. Машинхаева «Своеобразие дунганской народной сказки о животных». Бирок аталган эмгектерде элдик поэтикалык чыгармачылыктын жалпы касиеттерин чагылтуу милдети коюлбаптыр. Диссертант өз изилдөөсүндө «…ар кыл чыгармалар татаал өз ара аракеттешип, өз ара таасир этишип жана өз ара байытышып турган, тарыхый калыптанган көркөм тутум катары Казакстандын, Кыргызстандын жана Өзбекстандын хуэйцзу элинин прозалык фольклорунун сюжеттик-тематикалык мазмунун конкреттештирүү…» [10, 5-б.] максатын коёт да аны ишке ашырууга жетишет.

Андан кийин аткарылган эмгектерге келсек, Жылдыз Орозобекова «Манасчылык өнөрдүн тарыхый өсүп өнүгүү жолдору» (2014-ж.), Талантаалы Бакчиев «Манасчылыктын салттуу негиздери» (2017-ж.), Гүлина Жамгырчиева «Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер («Манас», «Эр Төштүк», «Кожожаш» эпостору боюнча)» (2017-ж.), Гүлбара Орозова «Кыргыз элдик поэмаларынын историзми жана жанрдык жаңылануу (Жанр. Сюжет. Историзм)» (2017-ж.), Кубанычбек Калчекеев «Манас» эпопеясындагы сюжеттин көрөңгөлүү салты жана анын ийкемдүү уланып өнүгүүсү» (2017-ж.), Курманбек Абакиров «Манастаануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү» (2017-ж.), Нуржан Нарынбаева «Кыргыз эпикалык поэзиясындагы миф чыгармачылыгы» (2018-ж.), Бактыгүл Темирова «Манас» үчилтиги менен кыргыз адабиятынын карым-катышы» (2019-ж.), Неля Бекмухамедова «Манас» эпосу: онейротопика жана визионотопика маселелери (структура, функция, символика)» (2021-ж.) деген темадагы докторлук изилдөөлөрүн коргошкон.

Төмөндө булардын ар бирине кыскача токтолуп өтөлү.

Ж.К. Орозобекова өз изилдөөсүндө кылымдар бою укумдан-тукумга берилип келген улуу өнөр манасчылыктын тарыхый өсүп өнүгүү жолдорун талдоого алып, элдик салттуу поэзиянын уникалдуу үлгүсүн жараткан, манасчылык өнөрдү алып жүргөн жана сактап келген чыгармачыл өнөр адамы болгон айтуучунун жеке табигый, тубаса талантына ар тараптуу иликтөө жүргүзүп, кыргыз фольклористикасынын теориясында биринчи жолу эпикалык айтуучу феноменинин концепциясын генезистик таризден карап чыгат да, манасчылык касиетиндеги фольклордук-этнографиялык булактарды, чыгармачылык психологиянын спецификасын, манасчылык искусствонун типологиясын, маданий функциясын аныктап берет [7].

Т.А. Бакчиевдин диссертациясында манасчылыктын салттуу негиздери кеңири каралып, социология, биохимия, биомагнитизм, психология жана нейрофизиология боюнча илимий эксперименттер менен изилдөөлөрдөн алынган жыйынтыктардын негизинде, «Манас» эпосун оозеки салттуу айтуучулугун сактоо жана өнүктүрүү, ошондой эле бул феноменди кыргыздардын салттуу маданиятынын жана элдик билимдеринин бөлүгү катары күнүмдүк турмушта колдонуу боюнча маанилүү сунуштар берилет [2].

Г.Т. Жамгырчиева өзүнүн эмгегинде кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдерди «Манас», «Эр Төштүк», «Кожожаш» эпосторунун негизинде иликтөөгө алып, фольклордук, мифопоэтикалык контекстте архаикалык, мифологиялык, байыркы диний түшүнүктөрдүн кыргыз эпосторунда көркөм чагылуусун ачып көрсөтүү максатын астыга коюп, кыргыз эпосторунун байыркы мифологиялык катмарларын изилдөөдө кыргыздардын коомдук аң-сезиминин түптөлүшүндөгү алардын ролу жана ордуна кеңири басым жасайт [4].

Г.Ж. Орозованын изилдөөсүндө кыргыз элдик поэмаларынын историзми жана жанрдык жаңылануусу, айрыкча элдик поэмалардагы жанр, сюжет, историзм маселелери басымдуу сөзгө алынып, элдик поэмалар турмуштук-социалдык, тарыхый-баатырдык жана тарыхый деген түрлөргө бөлүштүрүлүп, анын негизинде историзмге мүнөздүү принциптердин типологиясын, түрлөрүн, чен-өлчөмдөрүн ачып көрсөтүү боюнча алгачкы аракет ишке ашырылат [8].

К.Б. Калчекеев өз диссертациясында «Манас» эпопеясындагы сюжеттин көрөңгөлүү салтын жана анын ийкемдүү уланып өнүгүүсүн изилдеп, манасчылардын фундаменталдуу эмгектерин тарыхый-маданий өңүттө комплекстүү түрдө иликтөөгө алып, алардагы сюжеттердин ордун, маанисин аныктап, булактарын, диний, мифологиялык мотивдерин салыштырып чыгып, манасчылыктын генезисин, эволюциясын жана алардын өзгөчөлүктөрүн талдоого алат [5].

К. Абакировдун илимий эмгегинде манастаануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү ар тараптуу изилдөөгө алынып, автор «Манас» эпосунун өзөктүү

маселелери боюнча ири иликтөөлөрдүн проблематикасын, илимий концепцияларды жана алардагы үндөштүктөр менен карама-каршылыктарды дыкат талдап, манастаануу илиминин өнүгүү жана калыптануу жолдорун алгач ирет илимий сыпаттоого алат [1].

Н.О. Нарынбаева аткарган диссертацияда кыргыз эпикалык поэзиясындагы миф чыгармачылыгы талданып, автор дүйнөгө сересеп салуунун эң алгачкы калыбындагы мифопоэтикалык моделин жана анын акырындап мифтен окчундашын кыргыздын эпикалык ыр-жомокторунун мисалында, андагы поэтикалык трансформация процессин талдоо аркылуу аныктап чыгуу максатын көздөп, оозеки чыгармачылыктын эпикалык поэзиясындагы мотив менен образдарында көөнө элементтердин канчалык деңгээлде сакталып калгандыгын аныктоо боюнча жалпыланган тыянактарды чыгарып, концепциялуу милдеттерди белгилейт да, эпикалык миф чыгармачылыгынын башатында турган абалкы синкреттүүлүктүн мүнөздүү касиеттерин аныктайт [6].

Б.Т. Темированын эмгегинде «Манас» үчилтиги менен кыргыз адабиятынын карым-катышы изилденип, XX кылымда улуттук улуу мурастын жаңы адабий жанрларда – поэзияда, прозада, драматургияда иштелиши каралат жана жеке чыгармачылыктагы поэтикалык изденүүлөргө адабий-теориялык иликтөө жүргүзүлөт [9].

Н.Х. Бекмухамедова өз изилдөөсүндө «Манас» эпосундагы онейротопика жана визионотопика маселелерин структура, функция, символика түшүнүктөрү менен байланышта карап, «Манас» баатырдык эпосундагы түш көрүү мотивдеринин поэтикасын (же онейротопиканын) жана көрүнүү мотивдеринин поэтикасын (же визионотопиканын), ошондой эле бул мотивдердин поэтикалык тутумдарынын эпосто көркөм реалдуулукту сүрөттөө жана дүйнөнүн оригиналдуу эпикалык сүрөтүн түзүү маселелерине тийгизген таасирин иликтеп, «Манас» эпосунун сюжетиндеги түш көрүү жана көрүнүү мотивдерин алгачкы жолу талдап, алардын көркөмдүк функцияларын аныктайт [3].

Ошентип, XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануу илиминдеги фольклористика боюнча эмгектерде бир катар олуттуу илимий-изилдөөчүлүк проблемалар сөзгө алынат да, алар боюнча маанилүү тыянактар жасалат. Ушунун өзү фольклористика тармагынын өрүшү улам кеңейип баратканынын айныгыс далили болуп эсептелет.

**Адабияттар:**


1. Абакиров К. Манастаануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү**:** фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.09. – Бишкек, 2017. – 42 б.
2. Бакчиев Т. А. Манасчылыктын салттуу негиздери**:** фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.09. – Бишкек, 2017. – 47 б.
3. Бекмухамедова Н.Х. «Манас» эпосу: онейротопика жана визионотопика маселелери (структура, функция, символика): фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01. – Бишкек: Мега Формат, 2021. – 43 б.
4. Жамгырчиева Г.Т. Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер («Манас», «Эр Төштүк», «Кожожаш» эпостору боюнча): фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.09. – Бишкек, 2017. – 42 б.
5. Калчекеев К.Б. «Манас» эпопеясындагы сюжеттин көрөңгөлүү салты жана анын ийкемдүү уланып өнүгүүсү: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.09. – Бишкек, 2017. – 40 б.
6. Нарынбаева Н.О. Кыргыз эпикалык поэзиясындагы миф чыгармачылыгы: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.09. – Бишкек, 2018. – 31 б.
7. Орозобекова Ж.К. Манасчылык өнөрдүн тарыхый өсүп өнүгүү жолдору: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01 – Бишкек, 2014. – 44 б.
8. Орозова Г.Ж. Кыргыз элдик поэмаларынын историзми жана жанрдык жаңылануу (Жанр. Сюжет. Историзм): фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.09. – Бишкек, 2017. – 42 б.
9. Темирова Б.Т. «Манас» үчилтиги менен кыргыз адабиятынын карым-катышы: фил. ил. д-н … дисс. автореф.: 10.01.01, 10.01.09. – Бишкек: Мега Формат, 2019. – 46 б.
10. Шисыр И.С. Прозаический фольклор хуэйцзу Центарльной Азии: автореф. дисс. …док. фил. н.: 10.01.09. – Алматы: Тарих тагылымы, 2010. – 51 с.